# “Куткаруучу”

**Сөзү: Жаныбек Кожошев**
**Обону: Туратбек Дүйшеев**

Куткаруучу дайым даяр кызматта,
Кырсык болсо жетип келет заматта.
Милдеттерин аткарышат күнү-түн,
Өлкөбүздүн булуң бурчу тарапта.

Кайырма:

Куткаруучу сага таазим, сага даңк,
Өмүр сактап тирүүлүктүн отун жак.
Жаратканым ар убакта колдосун,
Кесибиңен алкыш алып, кадыр тап.

Куткарышат сууга агып чөккөндү,
Зилзаладан жабыр тартып көчкөндү.
Тилсиз жоонун чабылына кабылып,
Үмүттөрү үзүлгөндү өчкөндү.

Кайырма:

Куткаруучу сага таазим, сага даңк,
Өмүр сактап тирүүлүктүн отун жак.
Жаратканым ар убакта колдосун,
Кесибиңен алкыш алып, кадыр тап.

Кырк чоросу силерсиңер манастын,
Коогаланда мен барам деп талаштың.
Чордонунда жүрөсүңөр кырсыктын,
Алган сыйлык көкүрөккө жарашсын.

Кайырма:

Куткаруучу сага таазим, сага даңк,
Өмүр сактап тирүүлүктүн отун жак.
Жаратканым ар убакта колдосун,
Кесибиңен алкыш алып, кадыр тап.